| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛАСТЫ**<br>**СОКУЛУК РАЙОНУ**<br>**ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**<br>**ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

23-декабрь 2022г. № 12/40 Первомайское айылы

**Первомайский айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринен, аймактагы социалдык багыттагы субъекттерге түз берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген " Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобонун 70-беренесинин негизинде, айылдык кенештин XXVIII-чакырылышы кезектеги сессияда, Первомайский айыл өкмөтүнүн жер маселелер жана муниципалдык менчик боюнча жетектөөчү адиси Керимкул уулу Шеримкулдун социалдык багыттагы субъекттерге жер берүү боюнча маалыматын угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Первомайский айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринен ижарага тоорук менен эмес, түз сүйлөшүүлөр жолу менен пайдаланууга төмөнкү социалдык багыттагы субъекттерге берилсин:
   - Первомайский айылындагы №2 Краснооктябрь орто мектебине – 5га жер участкасы,
   - Первомайский айылындагы “Асыл-Уя” бала бакчасына - 5га жер участкасы,
2. Первомайский айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Сартпаев бул социалдык багыттагы субъекттер менен ижара акысын мыйзамдын негизинде карап, 5-жылдык мөөнөткө жер участкасын ижаралоо келишимин түзсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Первомайский айылдык кенешинин жер комиссиясынын төрагасы Насиров Эльманга жүктөлөт.

**Төрайым** **З.М. Кочкорова**